УДК: 070002

Анарбекова В.Э., Дооронов Ө. С.
*Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары*

# БҮРГӨ БААТЫР – АЗАТТЫКТЫН КУРМАНЫ (КЫЗЫ АК ШЕРБЕТТИН КОШОГУНУН МИСАЛЫНДА)

*Бул макалада Таластагы кушчу-жетиген уруусунун башчысы Бүргө Итим бий уулунун саясий-дипломатиялык ишмердүүлүгү кызы Ак Шербеттин кошогунун мисалында берилет.*

*In this article about refers to the political and diplomatic activities of Talas chiefdoms kushchu-zhetigen Burgo Itimby uulu and his daughter's Ak Sherbet under her song koshok.*

Кошок жанрынын негизги бир өзгөчөлүгү - жалаң гана чындыктын түпкү тамырын кармагандыгы. Нечендеген тарыхтын чындыгы бирде ордуна келсе, бирде бөксөрүп турса да, кошоктун тарыхый чындыгына өз таасирин тийгизбегендигин, эл оозуна алынып, учурунда аты калайык-калкка таанымал болгон инсандарга арналган кошоктордун мазмунунан татаал тагдырларды, эл башына түшкөн мүшкүл алааматтарды иликтесе болорун көрөбүз. Мисалы, Бүргө баатырдын кызы Ак Шербеттин кошогунда:

Хан атам,
Элиң калды элдиреп, Эси кетип делдиреп...
Калыбайың кас турат, Калың элиң жаш турат...
Алганың калды зар ыйлап, Айыл-журтуң баары ыйлап... [1, 120]

Бүргө атадан сегиз жашында жетим калат. 12 жашка чыкканда кырк жолдош күтүп, алар менен торпок, кунан чаап, күрөш, оодарыш, сайыш оюндарын ойноп, жеңгендерине байге уюштуруп берип турат. Бүргө 14 жашында эки уруу элдин чабышына катышып,чоң эрдик көрсөтөт. Оозго алынып, баатырлыгы бааланат. Чогулган кырк бала сүйлөшүп алып, ***"Бүргө баатыр"*** деп ат коюшуп, талаага казан асышып, той жасашат. Ошондон тартып "баатыр" аты эл арасына тарап кетет.

Букардан буулум мата алган,
Бүргө баатыр атанган. [4].

Бүргөнү ***"ат качырбас ала айгыр"*** деп да аташкан. Анын себеби бир чапканын экинчи чаппаган, бирок өлтүрө чаппаган деп айтылат. Мисалы, кырк ууруну колго түшүргөндө эч бирөөнщ өлүмгө учуратпаганы далил.

Бүргө жыйган эл-журт баш кошуп биригип, чоң курултайда 17 жашында хан шайлашат. Ошондон тартып ***"каранын ханы хан Бүргө"*** деп аталып калыптыр. Бир аты ***"кара кулак"*** деп аталган, аны колдогон жолборс болгон деп айтылат.

Хан атам,
Эрдигине төп келип, Кек сактабас эр болгон.
Калың кыргыз журтуна, Акылы менен тең болгон...
Хан атам,
Как талаадан каптаган, Аблай жолун торогон.
Капыстан жоого чаптырбай,

Калкын аман коргогон [4]. Ал ошол мезгилдеги геосаясий абалды туура баалай билген кыраакы жетекчи болгон. Ошондуктан казак ханы Абылайдын кыргыз жергесине уюштурган жортуулдарында өзгөчө көрүнгөн. Казак колун Балхаш көлүнүн аймагына чейин сүрүп барган Бүргө акылман, кара кылды как жарган калыс, эл-журтка абдан кайрымдуу, чексиз баатыр болгон:

Арыгын мыктап чаптырган, Элине аштык бактырган.
Кенен Мерке талаасын, Керемет кылып ачтырган.
Хан Бүргөнүн тогону, [8]. Калың элге оголжу [4].

Сабырдуу болууну, адамдын баарын бирдей көрүүнү, жамандык кылбоону жолдошторуна үйрөтүп, аз сүйлөп, көп иште деп акыл берген. Өзү жаш болуп тоодон арык чыгарып, бир өзөндүн суусун экинчи өзөнгө куйдуруп, дыйканчылыкка үгүттөп эл камын жеген. Ошол арыгы ушул күнгө чейин ***"Бүргө тогон"*** деп аталып турат. Тогон – арык (канал) деген мааниде. Азыр да Костоганда эски арыктын нугу бар.

XVIII кылымдын экинчи жарымында Фергана Анжиян тараптагы кыргыздардын жанкушчу уруусунан Кубат бий (Кубатбек – туулган, каза болгон жылдары белгисиз) деген баатыр чыгат. Кубатбек убагында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыз урууларынын төбөлү, кол башчы, саясий ишмер, кушчу уруусунан чыккан бий. Кокон башкаруучусу Абл-ал-Каримдин мезгилинде жунгарлардын баскынчылыгына каршы биргелешип сокку уруу үчүн Кокон бийликтери Кубат бий башында турган кыргыздар менен союз түзүп, алардын биргелешкен күчү баскынчыларды Ферганадан кууп чыккан. Кокон хандыгын Эрдене бий башкара баштаган кезде, Оро-Төбөгө ээ болуу саясатында ал кыргыз бийлери менен өнөктөш болууга аракеттенип, мына ушул кырдаалда да Кубат бий негизги ролду ойногон. Тарыхый булактарда айтылгандай, Кубат бий "кыргыздардын падышасы" аталып, "өз алдынча башкаруучу катары жеке пайдасы үчүн тигил же бул башкаруучу менен каалагандай достошуп же ажырашып турган" [9, 329]. Анын эр жүрөктүүлүгүн, тайманбастыгын, курчтугун баалаган өкүмдарлар аны "Бахадур бий"

(“Баатыр бий”) деп да аташкан [5, 24]. Кокон хандары жана Кытай императору Кубат бийдин пикири менен эсептешкен. 1855-жылы Кубат бий Цин империясына каршы боштондук кыймыл жүргүзүп жаткан кашкардык Жусуп Кожонун чакырыгы боюнча аскерлери менен Чыгыш Түркстанга кеткен. Ушул окуядан кийин анын тагдыры белгисиз болгон. Ал жакта набыт болгонун уккан карындашы Аксуусардын кошогунда:

Кубатбек өлдү кут өлдү, Кушчу, мундуз журт өлдү.

Саруу, кытай дагы өлдү, Атпай кыргыз журт элдү,

Түндө чыкчу ай өлдү” [11]. Убагында ал Кашкар, Жаркен шаарларын ээлеп, бийлик кылган. Ошентип, бий белгилүү бир жерге токтоп турбай, кыдырып жүрүп сурак кылган, ал мыкты аскер башчы, Түркстанда чечкиндүү саясий ишмер болуп, дайыма соот кийип жүргөн [2, 141].

Ошол мезгилдерде Мерке, Таласты жердеген кушчу-жетигендердин башчысы Бүргө Итим бий уулу (болжол менен 1753-1831-жж чейин) [9, 326]. Кубат бий менен замандаш болгон. Бүргөнүн атасы Итим бий да убагында калмактар кыргыз жеринен кача баштаганда Талас элин Анжиян тараптан ата-бабанын конушуна карай баштап келип жайгаштырган. Ошол мезгилдерде Цин мамлекетинин салты боюнча ар жылдын биринчи айында казак, кыргыздардын эл башчылары Кашкарга чакырылып тартуу алпарып, кайра сый көрүп кайтып турушкан. Ошондой чакырык Кытай ханынан Бүргө баатырга келет. Ал беш-алты жигити менен Кашкарга аттанып чыгат. Баратышканда Кубатбектин айылына тийсе, ал Кокон жакка кеткен экен, бир аз күн жатып, кечиккен соң, Кытайга жүрүп кетет. Кытайдын ханы Бүргөнү жакшы тосуп алып, достукта жашайлы деп каркыранын канатын сайып, кызыл таш менен сыйлайт. Ал кызы Ак Шербеттин кошогунда төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

Кытайдан кызыл таш алган, Кыйын баатыр аталган.

Кыйыгына тийбе деп, Кытайдын ханы жалтанган [1, 121].

Кайра кайтып келатканда Кубатбек келип калган болот, карматып алып, Бүргө баатырдын куйкасын төрт талаа кылып тилдирип: “Баатыр, атыңды алыстан укчу элем, бир үн чыгарган жоксуң, эр экенсиң, болбосо туугандыгыңа карабайт элем, кушчу кыргызда бир эле баатыр хан болуш керек. Мындан ары агаңды эске алып учурашып өтөөрсүң”-деп коё берет. Арадан бир аз жыл өтөт. Кубатбек Олуя-Ата тарапка он чакты жигити менен келип түшкөнүн угуп, Бүргө жигит чаптырат: “Качып жүргөн кишидей болуп Олуя-Атадан жөнөбөй, туугандардын сыйын көрүп кетсин”-дейт. Кубатбек Ойронду деген жердеги Бүргөнүн айлына келет. Атайы үй тиктирип, тай-кой сойдуруп “сыйлай бергиле” деп кийикке чыгып кетет. Бир айга жакын Кубатбектер сый көрүп, кетели деп айта алабай жата беришет. Акыры чыдамы кеткен Кубатбек Бүргөнүн жигитине кетишерин айтат.

Эки-үч күндөн кийин Бүргө Кубатбекке кирип учурашып: “Ии туугандар, аз айып, көп күнөөбүз болсо кечиргиле, ансыз да чачылган бир ууч кыргыз итче тытышып, бүркүтчө тебишип, жылкы тийишип, эр өлтүрүп чабышканча ушунтип катташып туралы”-деп ар бирине бирден чапан жаап, бирден ат мингизип, отуздай жигити менен узатат. Бир топ жерге чейин кошо барып, кайра артына тартат. Бир аз узашканда “Оо, Бүргө баатыр токто!” деп кыйкырып Кубатбек кайра чаап келет. – Баатыр, анык эр экенсиң, баягынын өчүнө кайсы түнү келип чаптырып, кайсы күнү тамакка кошуп уу жуткурат деп, ичкен тамагыбыз, жаткан жайыбыз тынчсыз болду. Мына ушул кыядан өткөндө да далыбызга жаанын огу качан сайылат дедим эле. “эр чекишпей бекишпейт”, сени менен дос болом же куда болом, жөн кайтпайм ,-дейт Кубатбек. Ошентип, Бүргө макул болуп, Шербет деген кызын Кубаттын Агышайбек деген уулуна бермек болуп кол алышып убадалашат. Балдар бойго жеткенче Кубатбек калыңды берип бүтөт. Агышайбек күйөөлөп Бүргөнүн айлына келип-кетип жүрөт. Шербет ак жуумалынан келген, акылы тунук, акындык өнөргө жакын кыз болуп чоңоет. Кийинчерээк аны эл хандын кызы ***“Ак Шербет”*** деп аташып,

сулуулугуна суктанышат. Ошентип, Ак Шербетке кудалаган күйөөсү жакпайт, бирок аргасыздан салтка баш ийип, намыс үчүн Агышайбекке турмушка чыгыптыр.

Бүргө баатыр Ажыбек менен Кокон ордосун чабышып, шаардын ысыгына чыдашпай кайра кайтып келишет. Кокон ханы Алайдан кайра тагына келет. Манас жердеген Талас деген, тегереги тоо менен курчалган капкалуу өрөөндө эки бааатыр бар, бири кушчу Бүргө, экинчиси - саруу Ажыбек. Бул экөөнщ колго алып, датка атап Таласты албасаң, ала албайсың дешет. Көп өтпөй Кокондон элчи келип, Бүргөдөн оң жооп ала албай кайра кетет. Бүргөгө кекенген Кокон ханы: "Ким Бүргөнү өлтүрсө, башынан ылдый дилде куям"-деп жарлык кылат.

Хан атамын башына, Устарадан уу тамды.

Уу тамганда шыр тамды, Аны-мына дегизбей

Аманат жанын мүрт алды. Канкордун кылган иши экен,

Капилет кеттиң хан атам [2, 143] – хандын жарлыгынан көп өтпөй бир жигит албарс устараны ууга суугарып, чаралжалын кылабына салып, койнуна катып жөнөйт. Арадан он чакты жыл өтөт. Сандалып жүрүп Бүргөнүн айлына келип:

- Бала кезимде калмакка колго түшүп кетипмин, өзүн Сайрам жактагы кыргызмын, эли-жеримди издеп келатам,-деп бечараланып айылда отун алып, суу ташып, кээде чач ала коюп жүрө берет. Ойрондуда жайлап жатканда Бүргө эртең менен чачын алдырат. Ууланган баатыр "эми төө кыядан өтүп кетти", - деп, жылдыз толгондо көз жумат. Бүткүл оң солго кабар айтылып, казак-кыргыздан көп эл чогулуп, сөөгү Меркенин этегине коюлат. Бүргө баатыр коюларда алыста кызы Ак Шербет да келип, кошуп ыйлап олтурат. Адатта, ал оң карап олтуруп кошчу экен:

Хан атам сапар кеткен соң, Кара бетим канатам.

Ала чапан колунан, акырет кеттиң, хан атам.

Артында калган мен бейбак, Ак бетимди канатам [2, 146] – байыркы салт боюнча күйүт, азанын белгиси катары жакын адамдары бетине тырмак салып каната тытып ыйлашкан. Бул Манас эпосунда Каныкейдин кошогунда да берилет.

Ак жыгачтын башына, Туу байлаган хан атам.

Кокондон жоо жолотпой, Кол баштаган хан атам [4]. Бүргө баатырдын өзүнө таандык кызыл кочкул түстөгү туусу, мөөрү, жортуулда кийүүчү темир зооту жана жоокердик кылычы болгон. Ал бүгүнкү күндө урпактарында сакталуу. Олуя-Ата, Сайрамдагы чептерге кол салган. Олуя-Ата (Аулие-Ата) орто кылымдагы Тараз (азыркы Жамбыл). Жети-Сууда 1822-жылы Кокон хандыгында негизделген чеп, б.а., ылайдан курулган шаар-коргон болгон [3,25]. Анда чоң базары бар жана 1500 адам жашаган [10, 23].

Хан атам,

Тууң турат ийилип, Хан өткөнү билинип.

Тунжурап турат уул-кызың, Алганың кара кийинип. Адатта, салт боюнча атактуу адамдар ааламдан өткөндө туусу түшүрүлгөн, бул азанын белгиси болгон. Өмүрлүк жары да кара кийинип, аза күткөн.

Жетиген, кушчу элиңди, Бөлүп жарбай ким баштайт?

Капилет кеттиң хан ата, Калкыңды салып кейишке [4]. Ошол убакта солтолордо Беки жана дагы бир баатыр удаа кайтыш болуп, солтонун эл башчылары топурак салганга жетишпей кечигип келишет. Канай, Эшкожо баштаган отуздай адам өкүрүп, түшөт. Өкүрүк токтоп, көк ыраңга салынган шырдакка олтурушканда Ак Шербет:

Кокондон бери аттанган, Колдун жолун торгогон.

Кокус чаап алат деп, Коңшу солтону жоодон коргогон...

Сарбагыштан солтону, Айырып алган хан атам...

Доого калган солтону, Коргоп алган хан атам...

Кымыз ичээр аяк жок, Эсенкул эстен кеткенде [7, 211].

"Сарыбагыштан солтону, коргоп алган хан атам" дегени солто менен сарбагыш ичи бузулуп, Аламүдүндө чоң чабыш башталарда Бүргө баатыр "кан төгүлбөсүн" деп жигиттери менен барып, эки бир тууган элдин ортосунда болуп элдештирген. Кызыл кыргын болордо, солтолор алдан тайып калганда жардамга Бүргөгө жигит чаптырганын унутуп калганбы, Канай: "Бүргөнүн мага кандай жардамы тийген экен"-деп бычагын кындан сууруп, алдындагы шырдакты каршы-терши тилип жиберип, арданып камчысын алып аттанмакчы болгондо, кушчунун жигиттери да удургуй түшөт. Ошондо бир нускалуу карыя: "Э Канай, сага катуу тийип калган го. Шербет кайра кошсун, айткылачы балдар!" - деп калат. Эл кулагын түрүп Шербет жакты тыңшап калат. Анда Ак Шербет үнү шаңкылдап кайрыгы башкача:

Сарбагышты сүргөндө, Кеминге карай түргөндө..

Канай, Бүргө дегенде, Кыз-келини дүрбөгөн,

Чунак келип калат деп, Ычкырын чечип сийбеген...

Солто келет дегенде, Кыз келини дүрбөгөн...

Эсенкул эстеп түңүлгөн [2, 146], - дегенде Канай күлүмсүрөп: "Ээ... баса ошондой эмеспи, ошону айтсаң"-деп, Бүргөнүн берген жардамы эсине түшүп отуруп калат. Бүргө баатыр өлгөндө атабыз менен таймашып, сөзгө сындырды деп, Эсенкулдун балдары Ныязбектер боз бээ союшуп, түлөө өткөзүшөт. Ныязбек тууган Атаке уулу Таштанбекти баш кылып, жетимиш-сексен киши болушуп, эл көзүнө бата кылыш үчүн Суусамырда Бүргөнүн кырк ашына келишет. Ак Шербет адатынча аюу талпакка оң карап олтуруп:

Ак болот мизин жойгондур, Хан атам өлдү дегенде,

Сарбагаштан Ныязбек, Ак боз бээ сойгондур.

Таба жолу тар болор, Таба жолун тар кылсын.

Табалаган Таштанбек, Жакын деген иниси

Ныязбектен айрылсын [2, 147], - деп кошот. Таштанбектер уялганынан чайга күйбөстөн аттанып кетишет. Ныязбек атка мингенден башы ооруп, жети күн жатып кайтыш болот.

Сөзү орундуу, өрттөй жанган чечкиндүү Бүргө баатыр Кокон хандыгынын саясий окуяларына да жигердүү аралашкан, хандык сунуш кылган датка наамынан баш тарткан. Олуя-Ата, Сайрамдагы чептерге кол салган. Цин императорунун чакыруусу менен Кашгарга чейин барып, баалуу сый алган. Ал ошол мезгилдеги геосаясий абалды туура баалай билген кыраакы жетекчи болгону.

Адабияттар:

1. Ала-Тоо журналы. 1991. Жалган куран, № 2.
2. Ала-Тоо журналы. № 2, февраль, 1990.
3. Дуйшеев Б. Память Тянь-Шаня. - Ф.: Мектеп, 1986.
4. КРУИА кол жазмалар фондусу. Инв. 219 (430), инв № 385.
5. Кыргызстан тарыхы. Энциклопедия. - Б, 2003.
6. Сокур бий – 1620-30-жылдарда Чыгыш Түркстанда чоң саясий ролдо болгон, 7000 аскер менен Жаркенди баскан кыргыздын аскер башы.
7. Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. "Эл адабияты сериясы", 19-том. - Б.: Шам, 2002.
8. Тогон – арык (канал) деген мааниде, Костоганда Бүргөнүн тогону деген эски арыктын нугу бар.
9. Осмонов Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). - Б.: Мезгил, 2014.
10. Хасанов А. Х. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70-гг XIX века. - Ф, 1961.
11. Эркин-Тоо газетасы. № 74, 23-сентябрь, 2014.